УДК 37.036

*Мурзакулова Чолпон Алимжановна, окутуучу*
*Ош гуманитардык-педагогикалык институту*

# КОМПЕТЕНТТҮҮ МУЗЫКА АДИСТИГИ МУГАЛИМИНИН ЗАМАНБАП БАЛДАРДЫН ТАРБИЯЛООДОГУ РОЛУ

# РОЛЬ КОМПЕТЕНТНОГО УЧИТЕЛЯ МУЗЫКИ В ВОСПИТАНИИ СОВРЕМЕННЫХ ДЕТЕЙ

# THE ROLE OF COMPETENT MUSIC TEACHERS IN THE EDUCATION OF MODERN CHILDREN

***Аннотация:*** *Берилген макала педагогикалык маселелерге арналат. Бул макалада учурдагы коом талап кылган компетенттүү музыка адистиги мугалиминин билимдүү, маданияттуу, кесипкөй, коомдо ордун таба билген педагогдун жаш муундарга билим берүүнүн жолдору жөнүндө сөз болот.*

***Аннотация:*** *Данная статья посвящается к педагогической проблематике. В статье анализируются роль компетентного учителя музыки в воспитании современных детей, а также автор обращает внимание на пути формирование компетентного учителя музыки в целом.*

***Abstract:*** *This article is devoted to pedagogical issues. The article analyzes the role of a competent music teacher in the upbringing of modern children, and the author draws attention to the formation of a competent music teacher in general.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жаңы технология, интерактивдүү методдор, электрондук музыка, компетенттүү мугалим, мектептер, заманбап балдар.*

***Ключевые слова:*** *новые технологии, интерактивные методы, электронная музыка, компетентный учитель, современные дети.*

***Key words:*** *new technologies, interactive methods, electronic music, competent teacher, modern children.*

Музыка адам баласы жаралгандан баштап эле пайда болгон. Музыкасыз жашоону элестетүү кыйын. Музыка адамдардын жашоосун дайыма, жаралгандан өлгөнгө чейин коштойт. Мисалы ата-бабаларыбыз жаңы төрөлгөн балага бешик ырларын ырдоо жана уктуруу аркылуу тарбиялаcа, ал эми адам баласы о дүйнө узаганда кошок ырлары менен узатышкан. Музыка адамдардын ден соолугуна, көңүлүнүн ачылышына же чөгүшүнө таасир берет. Музыка адамдык чыгармачыл ойломун өнүктүрүүгө жардам берет. (Ф.Я. Розинер Сиздин балдарыныз, сиз жана музыка. М. 1973). «Ким дүйнөсүнө музыканы алып жүрбөсө татына гармонияга муздак мамиледе болсо, ал жалганчы боло алат» - деген В. Шекспир. Деги эле музыканын пайдасы жөнүндө ойчулдар, изилдөөчүлөр өтө курч жана таасирдүү ойлорду айтышкан. Ошондой эле адамдын ички дүйнөсүн байытып, жан дүйнөсүнө сулуулук берип турат. Музыкалык билимдүү адамдардын жүрөгү таза, сезимтал, назик болушат. Биз адам баласынын сулуу жана акылдуу болуп чыгуусуна музыканын таасири күчтүү экенин билишибиз керек. Музыка менен чоңойгон баланын акылы, кабыл алуу жөндөмү бир кыйла активдүү болот. Демек, балдарды тарбиялоодо музыканын таасири күчтүү болсо, балдарга таасирдүү музыкалык билим берүү учурдун талабы. Андан сырткары музыкага жөндөмдүү, музыкалык билимдүү, ишкер, чыгармачыл инсанды тарбиялоо биздин максат милдеттерибиз болуп эсептелинет [1,2].

Бирок дагы деле Кыргызстанда компетенттүү музыка мугалимы толугу менен жетпегендигине байланыштуу, балдарды музыкалык маалыматтары толук түрдө турмуштарында пайдалана элек. Азыркы мезгилдин окуучулары окутуунун жаңы технологияларын талап кылышууда. Технология термини эки латын сөзүнөн түзүлгөн : «техне» - искусство, чеберчилик, өнөр; «логос» - илим. («Окутуунун жаңы технологиялары» 10-бет (А.Муратов. К.Акматов). Эң алгач бул термин өндүрүшкө жаңылыктарды киргизүүнүн жыйынтыгын түшүндүргөн. Демек кайсы иш- аракетти албайлы, ал же технология, же искусство болууга тийиш (В.П Беспалько). Биздин ар бир өтүлгөн сабагыбыз театрда коюлган спектаклден жогору турушу керек. Музыка- сезимдин

тили. Адамдын жан дүйнөсүндөгү сөз жете албаган жерге музыка жетет. Ошондуктан « Тарбия музыкасыз болсо кемчил болуп калат» деп ырастайт педагогика илими [1].

Азыркы учурда коомдун, маданияттын, интернет булактарынын, компьютердик техниканын өсүшү билим берүү системасында да чоң өзгөрүүлөрдү жаратты.Жылдан жылга коом өнүгүп, өсүп жаңы доор, жаңы заман келип олтуруп, мына азыркы күндө коом болуп көрбөгөндөй жогорку деңгээлге көтөрүлүп өстү. Коом өнүккөн сайын бардык системалардын өсүпөнүгүүсү, закон ченемдүү көрүнүш. Ошондой эле жаңы көрүнүш, жаңы закон, жаңы тажрыйбаларды кабыл алууда жана аны элге жеткирүүдө кыйынчылыктарды жаратпай койбойт. Мектептерде жана жождордо билим берүү системасынын өзгөрүүсү менен бирдикте музыкалык билим берүүдө да өзгөрүү жана өнүгүүлөргө дуушар болушууда. Ошондой эле стандарттык программаларда, сабак өтүүнүн жолдору, план жазуунун жолдору бир канча өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Мындай өнүгүп өсүүнүн натыйжасында жаңы талаптар, жаңы ойлор, жаңы метод жана усулдар пайда болду. Себеби азыркы күндөгү музыка сабагынын жана музыка мугалимдеринин талапка жооп бере албагандыгы болуп жатат. Ошондой эле дагы башка бир себептери музыка сабагынын кээ бир мектептерде экинчи орунга коюлгандыгы, музыка сабагынын аздыгы жана музыка мугалими адистеринин жетишсиздиги, музыка сабагын музыкалык билими жок мугалимдеринин сабак өтүп жаткандыгынан улам көпчүлүк окуучуларда жана студенттерде музыкалык билим алууга болгон кызыгуулары жоголуп баратккансыйт. Кээ бир музыка мугалимдеринин өз кесибине жоопкерчиликтүү мамиле кылбагандыгынан, ошондой эле окуучулар үчүн, мугалимдер үчүн китептердин жетишсиздиги, ал эми кээ бир жерлерде адистин жоктугу деп ойлоймун. Мына ушундай себептерден улам музыка мугалимдерине болгон талаптар жакшы аткарылбаганы баарыбызга белгилүү [4].

Азыркы учурдун балдары, жаштары жаңы технологияны, жаңы нерсени, жаңы тажрыйбаларды улам жаңы нерсени талап кылып жатышкандыгы бул жашоонун жакшы көрүнүшү жана өсүшү. Коом заман өзгөрүп жаткандан кийин адам өзүнүн үстүнөн өзү иштеп, окууну токтотпошубуз керек. Демек музыка мугалимдери да учурдун талабына ылайык билимдүү, тажрыйбалуу, чыгармачыл болушубуз керектигин практика көргөздү. Андыктан музыка мугалимдери дайыма тынбастан эмгектенип, талапка жооп бергидей болуп өзүбүздүн үстүбүздөн көп эмгектенишибиз, изденишибиз, кошумча семинарларга катышуу жана кошумча курстарга окуу жана өз билимдерин өркүндөтүү керек болуп жатат.

Музыка мугалимдери музыкалык билим берүүнү жандандырууда активдүү, чыгармачыл, кесипкөй, билимдүү сезимдүү, аспапта ойноп алган, компютерди өздөштүрө алган, уюштургуч болушу зарыл. Себеби музыка сабагынын бир эле саатында музыка уктуруу, ыр үйрөтүү, музыкалык сабаттуулук болуп бир эле саатта үч төрт теманы камтыйт. Башкача айтканда музыка мугалимдери ошол темалардын баарына жооп бере ала турган, азыркы заманга ылайыктуу - заманбап болушу керек. Ал үчүн биз окутуунун жаңы технологияларын жана интерактивдүү методдорду, техниканын жаңы техникалык каражаттарды колдонууну жогорку деңгээлде аткаруу жана билүү керек.

Балдардын активдүүлүгүн, сабакка болгон кызыгууларын арттыруу үчүн ошол жаштар эмнеге кызыгып жаткандыгын жана эмне жөнүндө билгилери келгендигин тактай алсак жана алардын талаптарын аткарууга көмөк көрсөтө алсак азыркы учурдагы талапка жооп бере ала турган музыка мугалими боло алабыз [5].

Ошондой эле учурдагы техникаларды колдоно билүү жаңы методдор менен иштөөнү коом талап кылып жатат. Кээде окуучулар техниканы жакшы өздөштүрүшүп, мугалим жакшы билбеген учурлар бар. Музыкалык билими бар адамдын эч качан колунан жамандык келбейт. Музыканы угуп же ырдап жүргөн баланын эске тутуму жана кабыл алуу жөндөмү өтө жакшы болот. Музыка сабагы, билим алууда баланын кабыл алуу жөндөмүн активдештирет. Ошондой эле активдүү, тайманбас, шамдагай дене жагынан да ийкемдүү болушат. Демек, тарбиялоодо музыка сабагынын пайдасы күчтүү болсо, анда бизге билимдүү, чыгармачыл музыка мугалими биздин жашообузга өтө керек.

Андыктан күчтүү музыка мугалимдерин окутуп, тарбиялоо жождордогу окутуучулардын милдети [4,6].

Компетенттүү, чыгармачыл, музыкалык билимдүү адисти даярдоодо жогорку окуу жайындагы мугалимдердин туура көрсөтмөлөрү жана музыкалык билимдүү адистерди даярдоо жана иш жүргүзүү туура жолго коюлуусу керек. Музыка мугалимин даярдоо көп эмгектерди талап кылат. Андыктан музыкалык билимдүү адисти тарбиялоодо жапатырмак окутуучу, студент, ата-эне, администрациялык жетекчилер ж.б.у.с. болуп аракеттерди жасоо керек.

Музыкалык билимди алуу музыкалык мектептерди бүтпөй эле окуп кетүү татаал жана ал үчүн көп талыкпаган эмгектер аракеттер жана күчтөр керектигин түшүндүрүү жана музыкалык билим алуу үчүн окуу жайдын жатаканасынан орун алуу керектиги жөнүндө маалыматтарды түшүндүрүү керек. Мындан башка дагы негизгиси жатаканада да музыкалык билим берүүнүн студенттери чогуу жашоону пландоо керек. Аларга бир блоктон, бир секциядан жатакана берүү керек. Себеби алар бирибиринин аспаптарга даярдануусун туура түшүнүшөт. Башка факультеттин жашоочуларына тоскоол беришпейт. Музыкалык аспаптарды көбүрөөк ойноп даярданбаса, музыка мугалими болуш оңой эместигин түшүндүрүү керек. Ошондой эле студенттердин өздөрү тандаган музыкалык аспаптарды ата-энелер тарабынан, окуу жайдан алып берүүлөрү жөнүндө айтуу жана маалымат берүү керек. Кандайдыр бир аспапты ойноп үйрөнүүдө ал аспапты кармап көрүү, кайра-кайра ойноо керектигин студент окуу жайга келген күндөн түшүндүрүү иштерин алып баруу керек.

Электрондук музыка - бул электрондук акустикалык тетиктердин жардамы менен жаралуучу музыка. Электрондук музыка англис тилинен которгондо электромузыкалык аспаптардын жардамы менен жазылган компьютердик технология. Ал 20-кылымдын экинчи жарымында пайда болгон. 21-кылымда кеңири тараган. Азыркы учурдун максаты ушул болуп жаткандан кийин, биз ушул электрондук музыканын пайдалуу жактарын билип, анын зыяндуу жактарын изилдешибиз керек. Бул электрондук музыканы бир гана музыка сабагында эле эмес башка предметтерде колдонуу жакшы натыйжаларды берет. Электрондук музыка личносттун билим алууга болгон кызыгуусун жана кабыл алуусун активдештирет. Мындай өнүгүүнү биз коркпостон музыка сабагына колдоно билишибиз керек. Себеби азыркы күндөгү жаштардын көпчүлүгү ушундай музыкаларга кызыгышат.

Мисалы музыкалык билим берүүнүн түрлөрү болгон ыр үйрөтүү аркылуу, балдарды так сүйлөөгө, ойлорун топтоого, сүйлөө маданиятын жогорулатууга жакындан жардам беребиз. Ошондой эле музыка уктуруу аркылуу балдардын ой жүгүртүү, кыялдануу, элестетүү жана фантазиялуу чыгармачылыгын өнүктүрөбүз [7].

Жыйынтыктап айтканда, азыркы учурда музыкалык тарбиянын туура жүргүзүлүшү жана музыкалык техниканын дагы да өсүп өнүгүүсү башкача талаптарды пайда кылып жатат. Демек, азыркы учурдун балдары кээ бир мугалимдерден техниканы, компьютердик музыкаларды, интернет булактарынан жаңылыктарды жакшы билип бараткандыктары, компьютердик музыканы жакшы өздөштүрө баштагандыктан мурунку метод тажрыйбалар жана практикалардын айрымдары талапка жооп бербей калып бараткандыгын ачык айтууга болот. Ошондуктан биз музыкалык тарбия берүүдө окуучулар кармаган предметти, башкача айтканда, оюнчукту мугалим да кармап окуучулардын талабын аткаруу керек. Учурдагы окуучулардын талабы - компьютердик музыка. Мугалим да компьютердик музыканы талдап, керек болсо компьютерге ырлардын тональностун туура таап, балдар үчүн шарт түзүп бере алууга жетишүү керек. Байыркы заманда деле качан гана башка мамлекеттерге соодага чыгуу жана башка саякатка чыга баштагандан маданият тез өнүгө баштаган. Албетте, биз башка малекеттин маданиятын толугу менен үйрөнүп алуу деген түшүнүктөн алыс болушубуз керек. Биздин менталитетке жарашкан, өзүбүздүн маданиятыбызга жараша жакшы жагын алууга аракет жасайбыз. Музыка ушундай күчтүү балага өтө таасирин бере турган сыйкырдуу күч деп жатабыз, андыктан баланын тарбиясына, ден соолугуна туура таасир бере турган жактарын карап, ал үчүн

музыкалык билим берүүдөгү стандарттарга жаш өзгөчөлүгүнө шарттарга карап, иш алып баруу абзел. Ошондуктан электрондук музыка жөнүндө музыка мугалимдерге кошумча семинарларды, курстарды өткөрүп туруу жана электрондук музыка жөнүндө кошумча билим берүү туура деп эсептеймин. Электрондук музыка музыка сабагы эле эмес бардык эле предметтерге пайдалануу ыңгайлуу деп эсептеймин. Ал адамдын жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, эмоционалдык боорукердикке тарбиялоого жардам берет.

**Адабияттар:**


1. Безбородова Л.А., Алиев Ю.Б. Методика преподавания музыки в общеобразовательных учреждениях. - М., 2009 – С.414.
2. Ветлугина Н.А., Кенеман А.В. Теория и методика воспитания в детском саду - М., 2010 – С.232.
3. Готсдинер А.Л. Музыкальная психология - М., 2011 – С.324.
4. Дубровская Е.А. Музыкальное развитие ребенка - М., 2010 – С.218.
5. Комиссарова Л.Н., Костина Э.П. Наглядные средства в музыкальном воспитании дошкольников - М., 2009 – С.124.
6. Радынова О.П. Музыкальное развитие детей. В.2 ч. - М., 2009 – С.224.
7. Халабузарь П.В., Попов В.С. Методика музыкального воспитания - М., 2010 – С.289.